«Бекитемин"
К.Маликов атындагы ЖББО мектебинин директору:
Чортонова Н.Т

## Кызматтык милдеттер

### Социалдык педагог төмөнкү милдеттерди аткарат:

1. Окуучулар( тарбиялануучулар) менен мектептин, үй-бүлөнүн, чөйрөнүн түрдүү социалдык кызматтардын адистеринин ведомстволорунун жана адмнистративдик органдардын ортосунда арачылык кылат.

2.Социалдык-педагогикалык иштердин милдеттерин, формаларын, усулдарын жана социалдык жеке маселелерин чечүү жолдорун аныктайт, социалдык коргоо, социалдык колдоо, окуучулардын инсандык эркиндигинин жана укуктарын ишке ашыруу боюнча чараларды көрөт. Жаштар менен балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт. Мектепте, ар түрдүү инстанцияларда алардын өкүлү катары иш жүргүзүп, бул максатта башка кесиптеги адистерди да тартат.

3. Окуучулардын жана чоңдордун түрдүү социалдык баалуу ишмердиктерин, социалдык демилгелерди өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды уюштурат. Социалдык долбоорлор менен программаларды иштеп чыгууга, аткарууга катышат.

4. Жаштардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумундагы коомго жат фактыларды (кылмыштуулук, укук бузуучулук, аракечтик, токсикоманиялык менен баңгилик жана башкаларды алдын алуу) өз убагында аныктап, алдын алуу иштерин жүргүзөт. Дени сак жашоо тартибин уюштуруу маселелери менен алектенип, акыл-эс жана дене бой жагынан жетилишинде өксүгү бар жаштар жана балдарды түзөтүүчү, калыбына келтирүүчү иштерди уюштуруп, жүзөгө ашырат.

5. Төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт:

Окуучулардын укуктарын жана эркиндигин ишке ашыруу, саламаттыкты жана өмүрдү коргонууну камсыз кылуучу бейпил жана жагымдуу шарт түзүү.

Социалдык чөйрөдө адамкерчиликтүү, толук ыймандуу мамилелерди түзүү, ата-энелерди ( мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту балдар маселелерин чечүүгө тартуу.

Педагогикалык кооптуу үй-бүлөөлөрдү аныктайт, алардын балдарга тийгизген терс таасирин төмөндөтүүгө көмөктөшөт.

Инсандын өсүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жардам берет.

Үй- бүлөдө баланы эртелеп жетилтүүгө жана тарбиялоого колдоо көрсөтөт.

**Соц педагог: Талгарбекова. А.Т.**